ответственность за его судьбу, воспитание и обучение с родителями, специалистами-дефектологами, которые оказывают коррекционную помощь. Возможность обучения ребенка с ОВЗ в массовой школе обеспечивается не только материально-техническим оснащением, программами, а самым главным – психологической готовностью общества и ребенка к общению, и принятию друг с друга. Что в итоге дает толчок успешному и эффективному включению, а также активному и естественному участию каждого индивида без исключения во всех сферах жизнедеятельности данного общества.

**Список использованной литературы:**

1. Выготский Л.С. Проблемы дефектологии. М.: Просвещение, 1995. 527с.
2. Инклюзия: принципы и право [Электронный ресурс] // https://perspektiva-inva.ru/inclusive-edu/pravo/principles-and-law.
3. Концепция развития инклюзивного образования в КР на 2019-2023 годы (Приложение1 к постановлению Правительства КР от 19 июля 2019 года № 360).
4. Малофеев, Н. Н. Интегрированное обучение в России: задачи, проблемы и перспективы / Н. Н. Малофеев // Особый ребенок: исследование и опыт помощи. – 2000. – Вып. 3. – С. 65-73.
5. Программа развития инклюзивного образования в КР на 2019-2023 годы (Приложение 2 к постановлению Правительства КР от 19 июля 2019 № 360)
6. Саламанкская декларация. – Саламанка, Испания, 7-10 июня 1994 г. – [Электронный ресурс] // https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/pdf/salamanka.pdf
7. http://law.journalist.kg/2018/05/28/v-kyirgyizstane-vnedryaetsya-inklyuzivnoe-obrazovanie/.
8. Международная программа по оценке образовательных достижений учащихся (PISA) https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ru/%D0%BE%D0%B1%D1%80%D0%B0%D0%B7%D0%BE%D0%B2%D0%B0%D0%BD%D0%B8%D0%B5

УДК 1174.37
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-235-240

**Ысманова Гүлнур, Джапарова З.Б.**
Кыргыз-Түрк Манас университети, Гуманитардык факультетинин магистранты,
И.Арабаев атындагы КМУнун улук окутуучусу
**Ысманова Гүлнур, Джапарова З.Б.**
магистрант гуманитарного факультета Кыргызско-Турецкий Университет Манас,
Старший преподаватель КГУ им. И. Арабаева
**Ismanova G., Djaparova Z.B.**
Undergraduate Faculty of Humanities Kyrgyz-Turkish University of Manas,
Senior Lecturer KSU named after I. Arabaev

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ ДЕН СООЛУГУНАН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН БАЛДАРГА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АЙРЫМ СУРООЛОРУ

## НЕКОТОРЫЕ АСПЕКТЫ ОБУЧЕНИЯ ДЕТЕЙ С ОГРАНИЧЕННЫМИ ВОЗМОЖНОСТЯМИ В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## SOME ASPECTS OF TEACHING CHILDREN WITH DISABILITIES IN THE EDUCATION SYSTEM OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Аннотация:** макалада ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын дени сак балдардын арасында инсандык жактан өнүгүүсү, алар үчүн пикирлешүү процессинин мааниси каралат.

**Аннотация:** в данной статье рассматриваются вопросы развития личности детей-инвалидов среди здоровых детей и значение процесса общения для них.

**Annotation:** This article discusses the development of the personality of disabled children among healthy children and the importance of the communication process for them.

**Негизги сөздөр:** ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, пикирлешүү, инсандык өнүгүү, шарт, жеткиликтүүлүк чөйрө, таасир.

**Ключевые слова:** дети с ограниченными возможностями, общения, личностное развитие, условие, доступная среда, влияние.

**Key words:** children with disabilities, communication, personal development, condition, accessible environment, influence.

**Билим берүү** – системалуу илим билимдерди берүү жана алуу процесси.Билим берүү мазмуну боюнча эң татаал түшүнүктөрдүн катарына кирет. Биринчиден, билим алуу кандайдыр бир көлөмдөгү жана сапаттагы билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү өздөштүрүү; экинчиден, билим берүү – белгилүү бир тартипте уюштурулган окутуу процесси жана инсандын калыптанышы, өнүгүшү; үчүнчүдөн, билим берүү – билимдерди алууга жана берүүгө багытталган адамдардын аракеттеринин системасы катары каралат. Күндөлүк турмуштан байкалгандай, «билим берүү» термини биз элестеткен кеңири мазмунду толук чагылдыра албайт. Анткени, бул термин адатта мугалимдин аракетин же билим берүүчү мекемелердин гана ишин мүнөздөп калгандай көрүнөт (https://ky.wikipedia.org,2020).

**Кыргызстандын жалпы толук орто билим берүүсү төмөнкүдөй баскычтардан турат:**

- Башталгыч класстар (1-4 класстар), билим берүүнүн алгачкы баскычы;
- Негизги орто билим — 5 жылга созулган негизги орто билим берүүнүүн экинчи баскычы,орто билим берүү мектептеринде 5-9-класстарды камтыйт;
- Толук орто билим берүү баскычы, жогорку мектептерге жол ачат, эки жыл аралыгында орто билим берүү мектептеринде, кесиптик орто билим берүү мектептеринде, гимназияларда, лицейлерде (10-11-окутуу жылдары) ишке ашырылат.

Толук орто билим алуу мөөнөтү 11 жыл.

Башталгыч мектепке 6-7 жаш курагындагы балдар алынат. Тогуз жылдык негизги билим алуу милдеттүү болуп саналат. Толук орто билим алуунун жыйынтыктоочу баскычы баардык мамлекеттик, менчик мектептерде, лицейлерде, гимназияларда жүргүзүлөт. Акыркы этапта кесиптик мектептерде ар кайсы предметтерди тереңдетип окууга мүмкүнчүлүк бар. Окуусун ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчүлөр, мамлекеттик үлгүдөгү толук орто блилимге ээ экендиги тууралуу документ – орто билим тууралуу Аттестат алышат.

Орто билимдин экинчи баскычына орто билим берүү базасында билим берген кесиптик лицейлердин, техникумдардын жана колледждердин 4-жылдык окутуу программалары туура келет. Аталган программанын бүтүрүүчүлөрү кесиптик билимге ээ болуу менен биргеликте толук орто билимге ээ болушат.

Толук орто билими тууралуу Аттестаттын жана ага тең болгон башка толук орто билими тууралуу күбөлүктүн болушу жогорку окуу жайга тапшырууда эң зарыл шарт болуп эсептелет. Жогорку билимдин баардык программаларына кабыл алуу кирүү сынактарынын натыйжасында ишке ашырылат. 2000-жылдан бери ЖРТнын жыйынтыгы менен алынат.

Кыргызстандын жогорку окуу жайларына университеттер, анын ичинде мамлекеттер аралык, эл аралык келишимдин негизинде түзүлгөн – Кыргыз-Орус (Славян), Кыргыз-Түрк, жана Кыргыз-Америка университеттери, академиялар, институттар жана бакалавр, адис жана магистрдык даража бере турган жогорку колледждер кирет.

Азыркы учурда жогорку билимде мурдагы квалликация системасы бар. Ага ылайык, көпчүлүк адистиктер тармагында (инженердик, педагогикалык, юридикалык) билим алуу үчүн беш жылдык окуу зарыл. Программаны ийгиликтүү аяктаган учурда адистикти тастыктаган диплом биринчи академиялык даражага ылайык келген жогорку билимдин эки даражалуу системасы ыйгарылат. 4 жылдык билим алгандан кийин бакалавр даражасы

ыйгарылат, ал эми жылдык даярдык биринчи академиялык баскычтан өткөндөн кийин магистрдик даража ыйгарылат. Медициналык адистиктер боюнча адистикти тастыктаган диплом 6 жыл окугандан кийин ыйгарылат. Ал эми стоматология жана ветеринардык медицина боюнча 5 жыл окугандан кийин берилет.

Жогорку окуу жайды бүтүргөндөн кийинки программалар өзүнө эки жана үч жылдык программаларды камтыйт. Анда илимдин кандидаты жана философия илимдеринин доктору (PhD) даражалар ыйгарылат. Кыргыз Республикасында ыйгарылган эң жогорку академиялык даража доктордук даража.

Жогорку билим алуунун университеттик эмес программаларына эки же үч жылдык техникалык, экономикалык, педагогикалык жана медициналык адистиктер боюнча алынган маалыматтар кирет. Бул билимдер техникумдарда, коллеждерде жана толук орто билим берүү базаларында берилет.

Кыргыз Республикасынын окуу жайларында 5 баллдык баалоо колдонулат. Аталган аналогдук баа берүү Россиянын окуу жайларында колдонулат (https://edu.gov.kg,2020).

**Майып адам**

Майыптык – адамдын эмгектенүү жөндөмдүүлүгүн толук же бир топ жоготууга алып келүүчү же организмдин функцияларынын мурдагы калыбына келбей өтө бузулушу менен адамдын ден соолугунун начарлашы. Организмдин функцияларынын өтө бузулушуна байланыштуу жашоо турмушунун өзгөрүү даражасына карата I, II жана III топтогу майыптык, 18 жашка чыга элек балдарга “майып-бала” категориясы белгиленет;

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адам – дартка чалдыгуу, жашоо тиричилигинин чектелишине алып келүүчү травманын же дефекттердин кесепеттери менен шартталган жана анын социалдык жактан коргоого алынууга муктаж кылган организмдин функцияларынын олуттуу жабыркашынан ден соолугунан ажыраган адам (http://kg-law.journalist.kg,2020).

Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин өкүлүнүн айтымында, 2018-жылдын 1-январына карата Кыргызстандагы ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын саны 181 миң адамды түзгөн же Конвенцияга кол койгон учурдан тарта алардын саны 39 миң адамга көбөйгөн (https://kyrtag.kg2018).

**2019-2023 жылдарга Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнүн КОНЦЕПЦИЯСЫ**

Кыргыз Республикасынын Конституциясында ар бир жарандын билим алуу укугуна кепилдик берилген, ал эми "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында бардык жарандардын сапаттуу билим алууга бирдей укуктары белгиленген.


Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында медициналык жана социалдык инклюзиянын милдеттерин эске алуу менен үзгүлтүксүз билим берүүнүн системасын түзүү киргизилген, ал эми аны ишке ашыруу каражаттарынын бири болуп калктын билим берүү муктаждыктарынын көп түрдүүлүгүн эске алуу менен мыйзам чыгаруу чөйрөсүн иштеп чыгуу саналат.

2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы атайын билим алуу муктаждыктары бар балдарга билим берүү маселелери боюнча өлкөдө ишке ашырылып жаткан стратегиялык документтерди эске алуу менен иштелип чыккан жана ар түрдүүлүк үчүн кыйла ачык, билим берүүнүн кыйла натыйжалуу жана тең укуктуу системасын түзүүгө багытталган, бул болсо анын жаңы жана заманбап милдеттерди чечүү жөндөмүн жогорулатат.

Концепцияда Кыргыз Республикасынын бардык билим алуучуларга тең укуктуу жана жеткиликтүү билим берүү, анын ичинде Балдардын укуктары боюнча БУУнун конвенциясынын жана Майыптардын укуктары боюнча

БУУнун конвенциясынын ченемдерин камсыз кылуу боюнча эл аралык милдеттенмелер дагы эске алынган (http://cbd.minjust.gov.kg,2020).

**2012 – жылга карата Инклюзия багытындагы мектепке чейинки мекемелердин саны жана алардын бөлүнүшү**




Бул диаграммада өлкөдөгү атайын мектепке чейинки мекемелердин жалпы саны – 15, алардын ичинен жалпы мүмкүнчүлүгү чектелгендерди камтыганы – 8 бала бакча, сүйлөө речи жагынан дефектилери бар балдар үчүн бала бакча – 6, акыл эс жагынан артта калган балдар үчүн – 2, ал эми ДЦП балдар үчүн түзүлгөн 1 бала бакча бар экендигин чагылдырат (Айтымбет кызы, 2018).

**Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын Кыргыз Республикасындагы билим берүү системасындагы укуктары.**

**33-берене. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын билим алууга жетишүүсүн жана кесиптик жактан даярдалышын камсыз кылуу**

Мамлекет ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын маалымат, билим алышы жана кесиптик жактан даярдалышы үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү кепилдигин берет.

Билим берүү мекемелери социалдык жактан коргоо органдары жана саламаттык сактоо органдары менен бирдикте ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын мектепке чейин, мектептен тышкары тарбияланышын жана билим алышын, жалпы орго, баштагыч кесиптик, орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим алышын жекече реабилитациялоо программасына ылайык камсыз кылышат.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды жана алардын балдарын мамлекеттик билим берүү мекемелеринде тарбиялоо, окутуу акысыз жана жаш курагы чектелбестен жүзөгө ашырылат.

Мамлекеттик эмес билим берүү мекемелери ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды окутуу үчүн төлөмдөргө жеңилдиктерди белгилөөгө укуктуу.

Мамлекет ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды керек болгон кесиптик жана эмгек ыкмаларына үйрөтүү максатында жекече реабилитациялоо программасына ылайык жана мамлекеттик мекемелер тарабынан кошумча билим берүү боюнча кызмат көрсөтүү мүмкүн болбосо, тиешелүү профилдеги реабилитациялык борборлордон социалдык жактан кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга укуктуу.

**34-берене. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды окутуу формалары**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга билим берүү, кесиптик даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу ар кандай формаларда, анын ичинде экстернаттын күндүзгү, күндүзү-сырттан окуу (кечки жана нөөмөттүк) формасында, ошондой эле атайын билим берүү уюмдарында, коррекциялык топтордо жана класстарда, үйүндө окутууну кошуп алганда жекече окуу пландары боюнча билим берүү жолу менен аралыктан билим берүү технологияларын пайдаланып, ошондой эле жалпы типтеги билим берүү уюмдарында инклюзивдик билим берүү аркылуу жүзөгө ашырылат.
(КР 2017-жылдын 8-июнундагы № 100 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

**35-берене. Мектепке чейинки тарбия**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү мектеп жашына чейинки балдарды тарбиялоо үчүн бир кыйла ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана аларга мектепке чейинки жалпы типтеги билим берүү уюмдарында керектүү реабилитациялык жардам көрсөтүү максатында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын аларга келип турушу үчүн шарттар түзүлөт.
Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын жалпы типтеги мектепке чейинки мекемелерге барып-келишине ден соолугу жол бербесе, мектепке чейинки атайын билим берүү уюмдары уюштурулат.
Мектепке чейинки атайын билим берүү уюмдарындагы тарбиялоо программалары алдыңкы методиканы, анын ичинде көзү көрбөгөн балдарды мимикага жана пантомимага окутуу методикасын камтууга тийиш.
(КР 2017-жылдын 8-июнундагы № 100 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

**36-берене. Мектепте окутуу**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын жалпы орто (толук) билим алуусу жалпы типтеги окуу жайларында, ал эми зарылчылык болгондо – атайын окуу жайларында ишке ашырылат.
Стационардык дарылоо-профилактикалык же реабилитациялоо мекемелеринде дарылоо курстарынан өтүп жатышкан ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар үчүн да окутуу сабактары уюштурулат.

**37-берене. Мектептен тышкаркы окутуу**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын ар тараптуу жана айкалыша өсүп жетилишин, аларда коомдук жигердүүлүктү, эмгекке кызыгууну тарбиялоо, илимге, техникага, искусствого, спортко тартуу максатында башка мамлекеттик органдар ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга зарыл шарттарды түзүү менен мектептен тышкаркы тарбиянын жеткиликтүү болушун камсыз кылууга милдеттүү.

**38-берене. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын башталгыч кесиптик, орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим алуусу жалпы типтеги окуу жайларында, зарылчылык болгон учурда атайын окуу жайларында ишке ашырылат.
Стационардык дарылоо-профилактикалык же реабилитациялоо мекемелеринде дарылоо курстарынан өтүп жатышкан денсоолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар үчүн да окутуу сабактары уюштурулат.
Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар кирүү экзамендерин башкалар менен бирдей шартта ийгиликтүү берген учурда башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү окуу жайларына өтүүдө артыкчылык укукка ээ болушат.
Билим берүү органдары социалдык жактан коргоо органдары менен бирдикте жыл сайын ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн башталгыч кесиптик, орто кесиптик жана жогорку кесиптик окуу жайларынын бюджеттик бөлүмдөрүнө орундарга квота коюу боюнча нормативдерди белгилешет.

**39-берене. Үйүндө тарбиялоо жана окутуу**

Жалпы типтеги билим берүү мекемелеринде же атайын билим берүү мекемелеринде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды окутуу жана тарбиялоо мүмкүнчүлүгү

болбогон учурда жана ата-энелеринин каалоолорун эске алуу менен тарбиялоо жана окутуу өз үйүндө жүргүзүлөт.

Мында ата-энесинин бирөөсүнө же аны алмаштырган адамга материалдык жактан камсыз кылуу жана жеңилдиктер Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу тартипте жана шарттарда берилет.

Билим берүүнү башкаруу органдары менен билим берүү уюмдары ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды жалпы билим берүү программасы же жекече программа боюнча өз үйүндө окутууну камсыз кылышат.

Тиешелүү билим берүү уюмдары ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын жашаган жериндеги үйүндө окутууда ата-энелерине жардам берет (cd.minjust.gov, 2020).

**Корутунду**

Менин изилдөөмө караганда, ушу тапта Кыргызстанда 181 миң ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам бар, алардын басымдуу бөлүгү эрезеге жете элек балдар болуп саналат. Кыргызстанда ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендердин ар тараптуу; социалдык, экономикалык, саясий укуктары жана эркиндиктери корголгон. Алардын укуктарын коргоо боюнча мыйзамдар иштелип чыккан. Ар тараптуу жеңилдиктер каралган. Болушунча шарттарды түзүүгө аракет жасашкан. Мисалы: мектептерде, университеттерде, автобустарда атайын коляска чыга алчудай жолдор жасалган, аз да болсо билим алуучу жайлар бар. Күнүбүздө атайын аяр балдар үчүн мектептер, бала бакчалар, ар кандай курс, кружоктор ачылууда. Бирок ошондой болсо да майыптарга жетээрлик деңгээлде көңүл бурулбай жатат десем болот. Анткени, көзү азиздер үчүн атайын жолдор жок, окуу мекемелеринин жетишсиздиги, ошондой эле билим алууга материалдардын өтө эле аздыгы, адамдардын кайдыгер мамилеси. Мен ишенем ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген инсандардын арасында таланттуулар арбын. Аларга бираз гана колдоо керек. Эгерде аларды өнүктүрүүгө жакшы шарт түзүлсө, келечекте үмүт көп.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Инклюзивдик билим берүү. Программалык-усулдук комплекс. Бишкек.: 2015-ж.
2. Инклюзиянын деңгээлин мониторинг жүргүзүү куралы. Сорос-Кыргызстан.КР-2020-ж.
3. Инклюзивное образование: результат, опыт и перспективы // Сборник материалов III Международной научно-практической конференции // Под ред. Алехиной С.В. – М.: МГППУ, 2015. – 528 с.
4. Социально-педагогическое сопровождение детей с ограниченными возможностями здоровья. Под.ред. Л.В.Мардахаева, Е.А.Орловой. учебник для академического бакалавриата. М.: 2019г, 210-стр.

УДК 371.
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-240-244

**Хлудеева И. А., Кызылжаров А. У.**
И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин улук окутуучусу,
И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетинин логопедия профилинин студенти
**Хлудеева И. А., Кызылжаров А. У.**
Старший преподаватель факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева
Студентка факультета педагогики КГУ им. И. Арабаева
**Hludeeva I.A., Kyzyljarov A. U.**
Senior Lecturer of the faculty of pedagogy KSU named after I. Arabaev
student of the faculty of pedagogy KSU named after I. Arabaev

# КЕП ӨНҮГҮҮСҮНДӨ БУЗУЛУУЛАРЫ БАР БАЛДАРДЫ МАССАЛЫК МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ УЮМДАРДА ТАРБИЯЛООНУН ШАРТТАРЫ